күнүнө- 45 Баатыр энелерге 57,0 мин сом бөлүнүп берилди, 1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата 45,0 мин сомго оюн-зоок программалар уюштурулду.

6. **Жол, таза суу, инфраструктура :**

Ысык-Ата айыл өкмөтү "Ас-Салам" кайрымдуулук коому менен биргеликте Норус,Ичке-Суу айылдарына кошумча таза суу системалары киргизилди . "Ас-Салам" кайрымдуулук фонду тарабынан керектүү материалдар алынып берилип,жергиликтүү тургундар жана айыл өкмөтүнүн техникасы менен иштер аткарылды.

Жергиликтүү бюджеттин эсебинен Карагай-Булак айылынын суу түтүктөрүн алууга 399 476 мин сомго тендер өткөрүлүп, 1523 метр түтүктөр алынып берилди.

Ичке-Суу, Норус айылдарына таза суу киргизүүгө жергиликтүү бюджеттен тендер аркылуу 568 345 сомго, 3661 метр суу түтүктөр алынып берилип ишке киргизилди.

Жогорку Ичке-Суу айылына ички жолдорун ондоо иштерине тендер аркылуу 204 421 сомго, 2986 литр күйүүчү май (ДТ) алынып берилди. Азыркы учурда ондоо иштери жүргүзүлүп жатат. Болжолдоп 1100 м жол ондолууда.

Таш-Башат айылына ички жолдорун ондоо иштерине тендер аркылуу 142 664 сомго, 2083 литр күйүүчү май (ДТ) алынып берилди. . Азыркы учурда ондоо иштери жүргүзүлүп жатат. Болжолдоп 1 км 800 м жол ондолот.

Горная-Серафимовка айылына ички жолдорун ондоо иштерине тендер аркылуу 144 247 сомго, 2083 литр күйүүчү май (ДТ) алынып берилди. Кум-шагыл төгүлүп грейдер менен түздөлүп жатат. Азыркы учурда ондоо иштери жүргүзүлүп жатат. Болжолдоп 2600 м жол ондолууда.

Алмалуу айлынын ички жолдолрун ондоо иштерине тендер аркылуу 236 460 сомго, 3378 литр күйүүчү май (ДТ) алынып берилди. Отчеттору тапшырылды, жалпы 3 км 600 м жол ондолду.

7. **Көркtөндүрүү жана жашылдандыруу:**

Айыл аймактын айылдарын санитарлык тазалоо иштерине айыл өкмөтү тарабынан 32,5 миң сом каражаты бөлүнгөн. Санитардык тазалоонун үч айлык жыйынтыгы менен калктуу конуштарды жана борбордук унаа жолдорун тазалоо иштери убагы менен аткарылып жатты. Ысык-Ата токой-чарбасынан 90 түп Тянь-Щань ёлкасы алынып, мектептерге, ФАП тардын айланасына отургузулду. Санитардык тазалоого билим берүү,медицина, маданият кызматкерлери жана айыл тургундары менен биргеликте ишембиликтер уюштурулуп турат.

Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 82,0 мин сом акча каражатына 50 даана ак кайын, 30 даана карагай, 100 түп роза алынган.